**Өмүрканова Чынара Токолоҷовнанын « Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» аттуу темадагы 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык изилдөө ишине**

## РАСМИЙ ПИКИР

### 1. Диссертациялык изилдөө темасынын актуалдуулугу

Билим берүүнүн бардык сфераларында маалыматтык технологиялардын өнүгүшү билим берүү технологияларынын дайыма өзгөүшүнө көмөктөшөт. Бул учурда, каалаган убакта окуу жайда окутуунун мазмунун жана технологиясын өзгөртүүгө мүмкүн болгон, динамикалык системаны түзүүнүн зарылчылыгы келип чыгат. Мындай системага маалыматтык коммуникациялык технологияга негизделген аралыктан билим берүүнү киргизүүгө болот.

Азыркы билим берүү системасынын баардык деңгээлинде, аралыктан билим берүү технологиясы жогорку окуу жайдагы (ЖОЖ) билим берүү системасын өркүндөтүүдө алдыңкы инструменттерден болуп калды. Бул боюнча Кыргыз Республикасынын "Билим берүү жөнүндө" мыйзамында (КР 2013-жылдын 5-ноябрындагы № 199 Мыйзамынын редакциясына ылайык) аралыктан билим берүү технологиясын билим берүү уюму билим берүү программасын ишке ашыруу үчүн колдоно ала тургандыгы да көрсөтүлгөн.

Билим берүү системасында дагы деле системалаштырылбаган аралыктан билим берүү технологиялары колдонулуп келиши айрым бир көйгөйлөрдү жаратат. Башкача айтканда жогорку билим берүү системасында аралыктан билим берүүнү ишке ашырууда, уюштуруу педагогикалык шарттардын комплексин аныктоо көйгөйү жаралат. Бул аталган көйгөйдү чечүүдө ар тараптуу илимий изилдөө иштери жүргүзүлүшү керек. Ошол себептен, аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү бул илимий изилдөө ишинин актуалдуулугун белгилейт.

### 2. Диссертацияда берилген илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негизделиш даражасы.

Изилдөөнүн жүрүшүндө автор аныкталган негизги төрт милдеттерди чече алган. Изилдөөнүн илимий жаңылыгы, изилдөөчүнүн жекече салымы катары Аралыктан билим берүүнүн технологиясын колдонуу менен педагогикалык билим

берүүнүн модели иштелип чыккандыгын жана алар практиктерге сунушталгандыгын айтууга болот.

Изилдөө ишинин илимий-теориялык баалуулу катары жогорку окуу жайда аралыктан окутуу процессинде педагогикалык билим берүүнүн теориядагы жана практикадагы абалы изилденип, аралыктан окутууда педагогикалык билим берүүнүн мазмуну, маңызынын жана аны уюштуруунун педагогикалык шарттары аныкталып диссертациянын биринчи жана экинчи главаларында чагылдырылган. Ал эми ЖОЖдо аралыктан окутуу процессинде педагогикалык билим берүүнү уюштуруунун натыйжалуулугу эксперимент аркылуу текшерилип жана жыйынтыктары талданганы үчүнчү главада келтирилип изилдөө ишинин практикалык баалуулугу аныктаган.

Изилдөөдөн келип чыккан теориялык жана практикалык тыянактардын ишенимдүүлүгү тиешелүү методологиялык жоболордун жана методдордун жетекчиликке алынышы аркылуу камсыздалган.

Айтылгандарды жыйынтыктоо менен диссертациялык иштин **негизги натыйжыларын атап кетсек болот:**

- Аралыктан окутуу технологиясында окуган студенттердин билимин калыптандыруунун натыйжалуулугун уюштуруучулук-педагогикалык шарттарынын комплекси аныктайт;
- ЖОЖдо аралыктан окутуу технологиясын пайдалануу менен окутууда педагогикалык билим берүүнүн натыйжалуулугу анын мазмундук моделини иштелип чыккан;

Негизги натыйжалар жана жыйынтыктар изилдөөчүнүн өздүк салымын чагылдырып, жактоого чыгарылган жоболорунда орун алган. Мындан тышкары, натыйжалардын далилдүүлүгүн, аныктыгын маселеге тиешелүү кеңири илимий адабияттын объективдүү анализи, изилдөөнүн максатына ылайыктуу изилдөө ыкмаларынын колдонулушу да тастыктайт.

Диссертациялык изилдөөнүн жүрүшүндө иштелип чыккан илимий жоболордун, жыйынтыктардын жана сунуштардын негиздүүлүгүнүн даражасы тиешелүү талаптарга туура келет жана алардын ишенимдүүлүгүнөн шек санатпайт.

**3. Илимий жана практикалык маанилүүлүгү.**

Изилдөөнүн теориялык баалуулугу катары ЖОЖдо аралыктан билим берүүнү уюштуруунун педагогикалык моделин теориялык жактан негизделишин,

аралыктан билим берүүнүн мазмуну жана өзгөчөлүктөрү жөнүндө түшүнүктүн тереңдетилишин жана аралыктан билим берүүнү уюштуруунун педагогикалык шарттарынын аныкталышын эсептөөгө болот. Изденүүчү тарабынан иштелип чыккан ЖОЖдо аралыктан окутууда педагогикалык билим берүүнүн сапатын жогорулатууга жардам берген модели, педагогикалык шарттары, жана методикалык сунуштары изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгүн түзөт.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын Арабаев атындагы КМУнун педагогика кафедрасында жана “М.Р. Рахимова атындагы Квалификацияны жогорулатуу жана кадрларды кайра даярдоо” институтунун педагогика, психология жана гуманитардык билимдер кафедрасында, аралыктан окутуунун окуу пландарын түзүүдө, окуу процессин уюштурууда, окуу-методикалык материалдарды даярдоодо, окуу процессинин жалпы сапатынын деңгээлине бирдиктүү баа берүү методун түзүүдө колдонулушу бул иштин практикалык маанилүүлүгүн дагы бир жолу тастыктайт.

**4. Диссертациянын жыйынтыктарын жана натыйжаларын пайдалануу боюнча конкреттүү сунуштар.**

Диссертациянын негизги мазмуну жана изилдөөнүн негизги натыйжалары автордун Россиянын жана Кыргызстандын илимий басылмаларда жарыяланган 14 илимий макаласында чагылдырылган. Жарыяланган эмгектер негизинен изилдөөнүн багытына туура келет, изилдөөнүн жыйынтыктары Кыргызстандын жана Россиянын жогорку окуу жайларында өткөрүлгөн илимий-практикалык конференцияларда апробацияланган.

Изилдөөнүн натыйжаларын жана жыйынтыктарын пайдалануу боюнча төмөнкүдөй **практикалык** сунуштар иштелип чыккан:

- ЖОЖдо аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнүн моделин пайдалануунун натыйжалуулугу жогорулайт;
- аралыктан окутуу процессинде билим берүүнүн уюштуруучулук-педагогикалык шарттарын эске алуу керек;
- аралыктан окутуунун шартында билим берүүдө окутуунун инновациялык жана зарыл болгон учурда традициялык методдорун айкалыштырса болот;
- көп баскычтуу университеттик билим берүүнүн шартында аралыктан окутууну методикалык жана дидактикалык камсыздоону тереңдетүү керек.

**5. Авторефераттын диссертациянын мазмунуна туура келиши.**

Өмүрканова Чынара Токолоңовнанын « Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» аттуу темадагы диссертациясынын авторефераттынын мазмуну диссертациянын мазмунуна, анда коюлган изилдөөнүн максаты менен милдеттерине дал келет. Автореферат кыргыз, орус тилдеринде бирдей мааниге ээ.

**6. Диссертациянын мазмунунда жана авторефератта мүмкүн болгон мүчүлүштүктөр.**

Жогоруда белгилеген артыкчылыктары менен катар диссертациялык иште кээ бир мүчүлүштүктөр жана сунуштар бар:

1) КР Билим берүү жөнүндөгү мыйзамында аралыктан билим берүүнүн технологиясынын аныктамасы **«дистанциялык билим берүү технологиялары – негизинен информатизация жана телекоммуникация каражаттарын колдонуп, окуп жаткандар менен педагогикалык кызматкердин кыйыр же толук эмес кыйыр түрдө өз ара иш жүргүзүүсү аркылуу ишке ашырылуучу билим берүү технологиялары»** деп берилген. Биздин оюбузча диссертациянын 2-главасында «модель», «педагогикалык технология» түшүнүктөрү кеңири берилип, аралыктан билим берүүнүн технологиясын колдонуу менен педагогикалык билим берүүнүн моделин иштеп чыгуу үстүртөдөн чагылдырылып калгандай.
2) Педагогикалык эксперименттин жүрүшүндө текшерүүчү (125 студент) жана эксперименталдык (132 студент) топторго жалпысынан 257 студент тандалып алынган. Бирок изилдөчү кайсыл багытта (адистикте) окуган студенттерди тандап алгандыгы боюнча маалыматтарды келтирген эмес.
3) Диссертацияда аралыктан билим берүүнү уюштуруунун теориялык өбөлгөлөрү кеңири берилген. Азыркы учурда окуу процессин жана башкарууну автоматташтырган AVN компьютердик маалымат системасы Кыргызстандын бир катар жогорку окуу жайларында толук бойдон өндүрүшкө киргизилген. Ушул себептен изилдөөчү AVN системасынын аралыктан билим берүү процессинде практика жүзүндө колдонулушунун өзгөчөлүктөрүн, кемчиликтерин изилдөө ишинде камтыса бул изилдөөнүн практикалык маанилүүлүгү дагы артмак деген ойду айта кетет элек.

Ошол эле учурда бул мүчүлүштүктөр диссертациянын жалпы баалуулугун төмөндөтө албайт, изилдөөнүн жалпы деңгээлине кедергисин тийгизбейт.

**7. Эмгектин Кыргыз Республикасынын «Окумуштуулук даражаларды берүү тартиби жөнүндө жобонун» талаптарына туура келиши.**

Өмүрканова Чынара Токолоңовнанын « Жогорку окуу жайда аралыктан окутуунун шартында педагогикалык билим берүүнү моделдештирүү» аттуу темадагы диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын ЖАКтын кандидаттык даражаны изденип алуу үчүн жазылуучу диссертацияга коюлган талаптарына жооп берет, ал эми изилдөөнүн автору 13.00.01 – жалпы педагогика, педагогиканын жана билим берүүнүн тарыхы адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасына ээ болууга татыктуу.

**Расмий оппонент**
**педагогика илимдеринин кандидаты,**
**информатика жана башкаруу**
**адистиги боюнча доцент** **Д.М. Ажыбаев**

Педагогика илимдеринин кандидаты,
доцент Д.М. Ажыбаевдин колун тастыктайм.

**С. Нааматов атындагы**
**Нарын мамлекеттик университетинин**
**кадрлар бөлүмүнүн башчысы** **М. Акматалиева**